УДК 94 (575.2) (514)

# КЫРГЫЗЫ В КИТАЕ И “УРКУН”

*Тоқон Ысақ*

В статье китайского ученого Токон Ысак раскрываются обстоятельства жизни кыргызских беженцев в Китае после восстания 1916 г., их адаптация в новых условиях, а также достижения отдельных личностей в творчестве.

*Ключевые слова:* восстание; Уркун; исход; беженцы; кыргызы; роды; племена; этнос; Китай.

# KYRGYZ PEOPLE IN CHINA AND “URKUN”

*Tokon Ysak*

In the article of the Chinese scientist Tokon Ysak reveals circumstances of the Kyrgyz refugees life in China after the revolt of 1916, their adaptation in new conditions, and also achievements of individuals in creativity.

*Keywords:* uprising; Urkun; exodus; refugees; Kyrgyz people; clans; tribes; ethnos; China.

Бул мақала үч мазмунду өз ичине камтыйт:

(1) Жуңго қыргыздарынын “Үркүн” менен болгон байланышы

Жуңго қыргыздары жуңгодогу 56 улуттардын бири саналып, ушу күндө 200 миңден ашуун жан саны менен аз улуттар қатарында өздөрүнүн ата бабасы байыртан бери жашап келген ата журттарында жашап келди. Жуңго қыргыздарын Жуңгода жашаганына байланыштуу басма маалыматтардан, қоомдуқ текшерүүдөн орчундуу саны Шинжаң уйгур автоном районунун түштүк жана түндүк деп экиге бөлүнгөн жагында басым сандагы Ата-Бабасы Жуңгодо туулуп туруқтуу еле өмүр сүрүп келген қыргыздар жашайт. Түштүк Шинжанда Қызылсуу қыргыз автоном облусу Тияншандық қыргыздардын сиясы, экеномика, оқуу агартуу, жашоо шарттарын Жуңго эл ресбупликасына өкүл болгон укуқтуу жетекчилик органы салақтына ээ болгон жалгыз гана қыргыз автоном облус. Ага қараштуу бир шаар (Артыш шаары), үч оодан (Акчий, Улуучат, Ақтоо)оодандарында байырқы Жуңго қыргыздары жана аларга қошулуп олтурақташқан аз сандагы үркүндүн қыргыз элинин урпагы жашайт. Ушул чөйрөлөргө туташ келген жэрлерден көнө жазма булақтарда арбын жолугучу айтылуу Алты шаардан, мисалы: Ақсуу аймагында Учтурпан ооданына қараштуу Жамансуу қыргыз автономиялық улуттуқ айылы, Онсу оодану, Бай ооданы, Келпин ооданы, Кучар ооданы, Ақжар, Жылдыз (бул атақтуу көнө өөрөн азыр бир аялдама еле болуп қалды) жана Зындан деген жерлерде үркүндүн қыргыз эли жашайт. Қашқар аймагында Маралбашы ооданы, Яркент ооданы, Көнөшаар ооданы, Пэйзиват ооданы, Опол айылы қатарлуу жерлерде башқаларга аралашып жашаган тияншандық жерлик тургундардын урпагынан бөлөк көп саны үркүндүн қыргыз элинин урпагы жашайт. Хотен аймагында Гума ооданы Кеңқыр қыргыз автономиялық улуттуқ айылынан башқа Лоп ооданы, Қарақаш ооданы, Кирийе ооданы қатарлуу жэрлерде чачыранды жагашқан қыргыздар жашайт. Түндүк Шинжанда Иле Қазақ автоном облусунун Кулжа шаарында, Текес ооданына қараштуу Көктерек қыргыз автономиялық, Шаты қыргыз автономиялық улуттуқ айылы дана көрүнгөн үркүн қыргыздардын урпақтарынан. Байынголун Моңгол автоном облусуна қараштуу Көрла шаары, Қарашаар ооданы, Лопнур ооданы, Бүгүр ооданы бул жэрлердеда жерлик же үркүндөн келген қыргыздар жашайт. Тарбагатай аймагында Чөйчөк шаары, Дөрбулжун ооданында Буддизимге ишенген “үркүн элинин урпагы” жашайт.

Миндан бөлөк атбай журутқа белгилүү Хийлонҗаң району Фуйү ооданы Вужазы, Чижазы айылдарында жашаган 3000 ден артық сөгү қыргыз жарандары қошулуп жалпы айтылган, Жуңго қыргыздары нын санын жана улуттуқ курулушун көрсөтөт.

“Үркүн” Жуңгодогу қыргыздарында белгилүү бир тарыхый атоонун же күңгүрттө қалган ишаракеттин туйуқ аталышы боюнча қабыл алынып, аябагандай сейрек айтылып, қыргынчылық башқа келген улуттуқ оор жоготуу оқуясы эстен

көтөрүлгөн бойдон қалды. 1916-жылдан бери аз болгондо үч урпақ эл жаңыланып, эне тил, улуттуқ салт – санаа, қыргыз үй-бүлөсүн қуруу жана қыргыз сөгүн тунуқ сақтап қалууга аракеттенген болсо да аргасыздан жасалган, көп қатмарга сиңген абжеш маданияттық өзгөрүүлөр аздын көпкө моюн сунушу жана заманбап өркөндөп баратқан жаңы турмушқа көнүп жашоо талабы аргандай қыргыз баласын заман менен тең алга басууга жетеледи. Жаңы өзгөчөлөнгөн заманбап техникалық турмуш жана күндө пайда болгон жаңы сөздөн буюмгача улуттуқ емес заманча жашоого қызықтырды. Бул жерде саясы басымдан тышқары улуттуқ өнүгү деңгелинин талапқа ылайық жүрбөгөнү eң негизки себептерден деп айтууга болот. Жуңго Комунистик партиясы улуттарды тең қарап, ушул мамлекетте жашаган, бар болгон улуттардын баардыгына улуттуқ тилин, улуттуқ динин, улуттуқ маданиятын өз уқуктарына берип, жан саны 8000 ге толгон же жақындаган жэрлерде улуттуқ аптономиялық айылдарды қуруп берген (Жамансуу қыргыз аптономия айылы, Көктерек қыргыз аптономия айылы, Шаты қыргыз аптономия айылы, Кеңқыр қыргыз аптономия айылы белгилүү төрт қыргыз айылы бар) болсо да, Азыр ушу күндө эне тил менен қыргыз нақай улуттуқ салт - санаасын үйдө, ишде, күндөлүк жашоодо қармап жүргөн қыргыз жаранынын саны күн сайын азайып баратқаны ашкере байқалат. Қыргызды сақтап турган жақшы жөрөлгөсүн башқа улуттарга көрсөтүп, заманбап жашаганга жетишкенде абдан еле сонун болмоқ. Уруусун айтып жүргөн қыргыздар гана қыргыздыгын далилдегенге жарайт.

“Үркүн” деген сөздү Жуңго қыргыздарынын эсинде сақталды десек қыргыз тилине түшүнүгү бар, тарых, маданият билимдерин үйрөнгөн, улуттуқ санаасы бийик, улуттун тагдырына тартылган адамдар аргандай матырыялдардан оқуп, терең түшүнүк алары талашсыз. Кыргыз тилинде жазылган мейли Кыргызстан же Жуңго қыргыздарынын жазма эмгектеринен бул мазмундагы пикирлерди билгиси келсе табалары анық, тарыхый қырдалын ичкерилей билгенге аракет жасагандар да жоқ емес. Бул адамдардын жашы менен саны аргандай адамды ойго салбай қойбойт. 90 менен 70 жаш ортосундагы қыргыздар үркүндүн оқуясын уққан же өзү “Үркүн” дүн урпагынан болгону үчүн “менин ата тегим қыргызстандық Үркүндүн 1916-жылы же 1937-жылы келген екен” деп айталат жана уруусу менен ата қонушун тақ айтат. Мисалы: – Ыссық көлдөн, Таластан, Қочқор же Нарындан, Атбашылық деп чындыққа жақын маалыматтарды берет. 60 жаштан 40 жаш же 30 жашқача болгон қыргыз жарандары Жуңго “Манасы” жана манасчы Жүсүп Мамайдын өмүрү менен таанышуу барышында “Үркүн”дүн тарыхый жолун из чалып оқуганы боюнча қабары бар екенин туйунтқанга жараган азаматтардан жолугары анық. Ал бул сандагылар аябай еле аз санда. Еми 30 жаштан төмөнкүлөргө “Үркүн”дү түшүндүрү атайын еле сабақ берү менен бирдей орун алат.Қыргыз тилинин жалпы иштетилүү шартынын тарайышы ойлогондонда көп татаалдашты. Бул баягы”Манаста гы” элүү жылда эл жаңы, жүз жылда болот жер жаңы деп айтылгандай, “Үркүн” дүн улуттуқ эс тутумдан көтөрүлгөнүн қабылдоого туш келдик.

“Үркүн” деген сөздүн артында турган Жуңго қыргыздарынын жалпы жандайын илимий чөйрөгө көтөрүүгө атуулдуқ менен аттанып, атайын жогоруда айтқан жерлердин бир бөлүгүнө келип, эл аралап, матырыял чогултуп, китеп же мақала жазып жарыялаган Кыргызстандық оқумуштуулардан Аблабек Асанқанов, Қадыралы Қоңқобаев, Ботанаев, Темирбек Тоқтогазиев, Тынычтықбек Чоротегин, Гүлзада Абалиева, Азиза Турдуева, Чинара Алымқулова, Жамбы Жусубалиева қатарлуулардын сапар эстелиги жана илимий туундуларынан бай ары қызықтуу баяндарды оқуга шарт түзүлдү.

“Үркүн” гө түз байланышқан, қачқын элдин “үркүп” келип бул жақта, журт қурап, эл менен эл болуп бир қылымды башынан өткөрүп, Жуңго мамлекетинде жай - барақат күн кечирип келген чыныгы улуттуқ тагдырдын қаардуу баянын бул жақтан басмадан чыққан, ”үркүн”қыргыздардын өздөрү жазган эл жана уруу түзүлүш жагдайы, ийгиликке қол жеткирген атақтуу адамдары жана алардын элге жасаган қызматы, өздөрүн үрүп - адаты, жалпы қоомдуқ абалы таныштырылган китептер да жарыққа чыгып, өз тарыхын өзү тақтап чыгуу иш жүзүнө ашырылды. Мисалы: Иле аймагында жашаган қыргыздардын фолклору, этногирафиялық жыйнагы, адабияты, көркөм - өнөрү, ошол айыл же оодан, аймақ, облус қатардуу өкүмөттүк қызматтарда тургандарды атайын еле таныштырган; “Иле қыргыздарынын жөрөлгөлүү маданияты”, 2004-жыл, (Көктерек қыргыз улуттуқ айылынын қурулганынын 50 жылдыгына арналган). “Иле қыргыздары (1- китеп, )”, 2004-жыл. Жунус Жумадил жазган “Жуңго қыргыздарындагы Қытай уруусу жөнүндө изилдөө” 2014-жылы Кызылсуу қыргыз басмасынан жарык көрдү, қатарлуу бир қанча китептерди, Учтурпан ооданындагы қыргыздарга баш болуп Нурдун Жунус жазып, Кызылсуу қыргыз басмасынан 2010-жылы басмадан чыгарган “Ақсуу қыргыз санжырасы” (Жамансуу қыргыз улуттуқ айылынын қурулганынын 20 жылдыгына арналган), Ақсуу аймагындагы “Үркүн” дүн урпагынын жалпы абалы, уруу қурулушу сияқтуу эмгектерде қымбаттуу учур, биз издеп жүргөн маалыматтар менен қамдалабыз. Қыргыз тилинде китеп

оқуялган қыргыз жарандары "үркүн" дүн чоо-жайын анализдеп алуу жагдайына ээ болуу мақсаты ишке ашырылды. Болупда уруулардын атынын тақталышы тууганчылық байланыштын ашкере айтылышы, ашқан белдер – ашуулардын аты, чегаранын абалы, жолдордун аттары жанабашқа көптөгөн билимдерди оқуйбуз. Жуңго кыргыздарынын "үркүн" жөнүндөгү маалыматы жана самаалыгы "Манас" менен ажарына толуп турат.

(2) "Манас" жана "Үркүн"

Жуңго кыргыздарынын улуу инсаны, залқар манасчы Жүсүп Мамайдын сегиз урпақ "Манас" айтымынын чыныгы топтолушу жана қол жазмага жазылышы чектемелүү мезгил 1916 - жылдын чыгышы 1917 - жылдын кириши менен деп анық белгиленет. Қақшаал өрөнүнө караган Учтурпан ооданынан, Ақчий ооданынын баардық айылынан киши чогулуп Қарачий айылында, "Манас" айтуу басакеси өткөрүлөт. "Үркүн"дө Жуңго→Шинжаң→Ақчий→ Қарачий айылына мааналап қыргызстандық атақтуу манасчы Сагынбай Орозбақ кезинде "Манас" мектебинде бирге тарбия алган Жуңголук манасчы Жүсүбақун Апайды эш тартып келип, Ақчий ооданынын Қарачий айылында жайбарақат бир жылдан артық убақыт жашайт, эки манасчнын даңқы эчақ еле эл ичинде белгилүү болгону үчүн атайын "Манас" айтуушу маракесин өткөрүштү эл өздүгүнөн самаган еле. Жерлик бай манаптар өздөрүнүн төрөлүк салтанатын көрсөтүү мақсатында чоң маарекенин атын элдик улуу чыгарма "Манас"қа жүктөп, көп қырлуу ой санаасын қоомдук салтанат қыймылы арқылуу ишке ашырышмақ болот. Бул "Манас" айтуушу маракесинде Жүсүп Мамайдын ага устази, "Манас" жыйноочу Балбай Мамай, "Манас" тын кийинки беш урпагынын түзүчүсү жана қоргоочусу Ыбырай Ақунбек қатарлуулар қатышат. Ушул "Манас" айтуушудансоң Балбай Мамай "Манас" эпосун қол жазмага жаздырып, жыйнап алуу ишин колго алып, 12 жылда Жүсүбақун Апай менен Ибирайым Ақунбектен Жүсүп Мамайдын сегиз урпақ "Манас" айтымын жазып бүтөт. Ушул улуу учурду үркүн менен айтбай туралбайбыз. Дагы бир тақталбаган маалыматта Саяқбай Қаралайев манасчынында үркүн элдери менен келип, эл арасында жүрүп кеткени туралуу уламыш айтылып жүрөт.

"Сен он жашка чыққанда араң жазып бүтүрдүм. Ыбырайым тагам болсо жарымын кеп, жарымын ыр менен айтты. Мен көбүн ырга айландырдым, деди. Кепти ырга айландырса көбөйүп кетет екен, деп китептерди мага берди". "1916-жылы чоң қачқын қачып келгенде элден угушуп аргандай киши "Манас" ты қанча билем десе ошончо жазып алдым, кее биринде қол жазма бар екен, аны сатып алдым. Мен жазгандарым, аркимден сатып алгандарым: Чоюке, Шапак, Таабалды, Дыйқанбай, Балык, Найманбай ата бала, Сарыбагыш Мамырқан молдо сияктуу киши саны көп болгон, айтылган сөздүн көбү бирдей окшош. Тыныбектин айтуусундагы "Семетей" басмадан чыққан екен. Семетейдин үркөнүчкө барып суу кечкен жери бар. қалганы жыртылып жоқ екен, Тыныбектин баласы Ақтандан алдым"..."Сагынбайдын айтуусу боюнча Алмамбеттин Көкчөдөн чыгып Манаска келгиче болгон аралыгын Акмолдо Ыбырай жазкан екен, Чалбай арқылуу атбашыдан алдым."... " Энесай боюндагы Қалмамайдан тартып Семетей, Сейтекке чейинкилерин қақшаалдақы қытай кыргыздарынын жомокчусу Жүсүбакун Апай уулунан өз қолум менен жазып алдым. кириштирип, қураштырдым, көп аракет қылдым, жер, эл, баатырлардын, тулпарлардын аттарын жомок боюнча алдым. кириштиргенде көп күч жумшадым, деди", "ошондон баштап "Манас", "Семетей", "Сейтек"ти қоюп, "Кененим", "Сейитим", "Асылбача-Бекбача", "Сомбилек", "Чигитей"лердиүйрөндү". ..."Агам Балбай жана бир кепти айткан: Тыныбектин "Семетейинин" көбү жок. Қазақтардын бузулушу, сыр қоргондун қамалы, Байтайлақтын өлүмү, Қоңурбайдын Семетейди өзү чақырып барып өлтүрөм деп өзү өлүшү деген, күрпүлдөктөкү қызыл уйук Дөө, жалгыз көздүү Мадықан, Жамгырчынын өлүмү, Буруулдун бутунун сынышы, Жубатайды Гүлчоронун өлтүрүшү, буларды Жүсүбакун дун айтуусу боюнча "Семетейге" қоштум, деген еле"... "1966-жыл 6-айдан 1978-жыл 11-айгача күмөндүү адам болуп қалдым. 1971-жылдан 1975-жылгача бутум басбай қалды. Бул кезде мени жеримен ажыратып (қарабулақты аймақ), Ақбулуң деген жерге үйүм менен көчүрүп алып келип койду. бул кезде көпту көргөн, агам менен бирге жүргөн санжырачы бир киши менен бирге болдум (Төрөкан аттуу). Ал кишиден 1505-жылдан берки Шинжаңдақы қыргыздардын абалын уктум.Төрөқан: албай "Манас", "Семетей", "Сейтек" тен башка беш баатырды жаздым дечү еле. ошолорду үйрөнсөң арбагы жөлөйт деди, мен айтам, Төрөкан, Қыдырмыш – деген эки киши тыңшайт. Кененимден төмөнкү беш урпақты толуктап алдым"... "Эшмат ага айткандай, көргөн түш белгисиз иш, мен агам Балбайдын жазган жазмасынан үйрөндүм, толуқ емес, бешинчи урпақ Сейитимдин теңин таштап айтыпмын, еми толуқтадым (Манасчы 1989-жылды күбөгө тартат)"... "Манас эмгекчи элдин чыгармасы, жалгыз бир киши толуқ билем деп айтууу қыйын кеп, мен ошонун биримин. Эшматтын айтуусунда: Сагымбай молдо еле, жуптап шыбыргактатып айтуучу еле. Жүсүбақун айтканда, сөздүн агымына карай аракетин өзгөртүп элди қызықтырчу екен"..."1978-жылдан бери қарай улам унутқан жеримди эстеп,

толуқтап олтуруп бүгүнкү күндө сегиз урпақ "Манасты" алгачқы иретте қагаз бетине түшүрүп болдум." (Манасчы өкүмөт толук ишеним көрсөтүп, айлық алчу кызмат қатары өзүнүн "Манасын" өзүнө жазып чыгууну тапшырганын ушундайча элге тапшырды)..."мурунку жомоқчулардан Сагынбай, Жүсүбақун Манасчыларда Асылбача - Бекбачалардын убагына келгенде, Бекбачанын көчөдөн насия алып калган, жат уруқтун қызы болгон қатыны эки уул төрөгөн, Боқногой, Жоқногой деген, эне - бала биргелешип кийин Бекбачага қастык жасаганы айтылган.ал мен "Манасты" алты урпақ менен түгөнүп калабы деп шарттуу түрдө кийинки эки урпақты кошуп турганым жоқ, анын өзүнчө тарыхы бар. бул эки урпақ баатырдын аты жана азыраақ иш-аракеттери "Кененимде" мурда еле тапшырылып кеткен.Қошойдун жээни Алп Бозой кызын Бекбачага берип, ошондон төрөлгөн бала Сомбилек болду. Мен эсиме алганымды қалтырбай айттым, өз қалыбында сүрөттөөгө тырыштым"... "жомоқтун өзүн, мында эл аты, жер аты, эр аты, жографиялык атоолор, мен айтқанда тегеле өзгөргөн емес. Ыбырайымдын жомогу қара сөздө азыркы салттык оқуясы боюнча еле айтылган. бирок, қыска, ары өтө еле жөнөкөй айтылган. мен жомокту толук үйрөндүм. бироқ, аны ырлаштырып айтууга күчөдүм, сөздөрүн көркөмдөдүм. ырга айланган кара сөз түрүндөкү жомоқтун көлөмү узарып кетти"…"салттык окуяда Семетей эгиз уул төрөлөрүн алдын болжоп, бирөөнүн атын Сомбилек бирөөнүн атын Чигитей коюну тапшырат, бирок, балдар туулганда көкүлдөрүнө карап, қубанычта Асылбача - Бекбача деп еле коёт", "эң негизкиси, Сомбилек менен Чигитейдин атын чаташтырып, теги кимиси 7-урпактын, кимиси 8-урпактын аты екенине өкүм бере албай қалдым, анткени, булардын жөрөлгөлүү жомогу эсимде турса да көп айтып көрбөгөнүмдөн будалана түштүм. мени менен кошо жомок үйрөнгөн агам Жумалы Келбайды (айтылуу жомокчунун дареги акчий эл жөө жомоктору деген китепке каралсын) издеп, ошондон сурап, абдан бирдикке келип анан айтайын деп айтпай қойдум (Манасчы 1964 жылды атайын ескертет)".

(3) "Үркүндүн" жүз жылдык өмүрү жана бүгүнкү доор

"Үркүндүн" жүз жылдык өмүрүндө Жуңго қыргыздары сан жагынан көбөйдү, қаада салт көбөйдү ары түркүн түскө қошулду.Улуу эпос "Манасты" айтуучулардын өрүшү кеңейип, көркөм ооз эки атқаруучулуқ жагынан үлгү жана тажырба топтолуп, эки мамлекеттин аймагында тең қол жазмага жаздыруу жансыз болсода эң жакшы айтылган жомогун қагаз бетинде сақтап қалуу, ооз эки айтуучулуқ жөрөлгөсүн ансайын кеңири жайылтуу, көркөмдүгүн көтөрүү боюнча чындық иш аракеттер иштелди. Қыргызстанда Сагымбай Орозбақ варианты жазылып қалды.кийин Саяқбай Каралайев варианты жазылып бүттү. Жүсүп Мамай варианттын сегиз урпақ айтымынын сөгү түзүлдү. Байырқы қыргыз тилинин "З менен С дыбышынын қатуу доошто айтылышы, Қ менен Х нын орун алмашып сөзгө қошулушу, Ж менен Й да орун алмашып иштетилиши "сияқ өзгөчөлүктөр тилди байытып эне тилдин тунуқ ары көнө сапатында сақталышына түрткү болду.

Бироқ жүрөгү жараланган, саясий қызықчылықтан оор зыян тартқан эл асыл жанын аман алып қалуу мақсатында башын қатып бөтөн эл, бөтөн жерге зордуқ менен жан сақтаганга барганда, буйруган күнгө шүгүр деп, қарапайым адам болуп жашап қалууну тандагандар көп болду. Азырқы Жуңго қыргыздарынын бир мамлекетте жақын еле журттарда жашап, башқа башқа тил, башқа башқа қаада салт, андан өтүп башқа динге сыйынуу жашоосун тандаганы бул сөздүн күбөсү!

Азыр Билим чабуулу, замандашуу жолу менен қошулуп, техникалық башқаруунун чабулу қыргыздарды басып келди. "Үркүндү" урпақтардын эсине салып, қай күндөда улуттуқ қадыр-барқын таанып өмүр сүрүүгө жетектешибиз зарыл болуп турат.

Ушу күндө "Үркүндүн" урпақтары аргандай себептер айынан уйгурга, қазаққа, моңголго, хан-зуга өздүгүнөн сиңип урпаң жаңылоо же улуттуң сөөгүн өзгөртүү тагдырын эркин тандап қалды.

Төмөндөкү адамдар Жуңго мамлекетинен чыққан даңазалуу, элге өзгөчө эмгеги менен қадыр барықтуу болгон инсандар "Үркүн" бир жагынан байланышап турат. Мисалы:

Балбай Мамай (1896–1937) үркүндүн болгон кези 1916 жылы 23 жашта болуп, Жуңго "Манас" вариантын жыйноого қамынган.Сагынбайды өз көзү менен көрүп "Манасын" уққан, кийин Ақтан Тыныбек уулу менен достошуп, ооз эки айтуучулуқ өнөрлөрүн же башқа да чыгармачылық тажырбаларын үйрөнүшкөн. Үркүн менен "Манас" эпосунун Жуңго вариантынын жазмага жазылыш убақты бирдей башталган. Бир топ чоң манасчылардын жүз көрүшү, ооз эки жомоқ атқаруу чеберлигин ортодо көрсөтүү маанайы болгон. "Манас" эпосунун сегиз урпақтуу өзгөчө қурулушунун түзүлүү барышы тең қадамда жүргөн.

Үсөйүн Аажы Асаналы (1916–2006). залқар оқумуштуу. Санжырачы.улуттуқ дин жана "Манас" менен бирге өскөн. "Үркүндү" эң жақшы тааныган инсан. Белгилүү себептерден "Үркүн" жөнүндө атайын маалымат бералбай кеткен.

Абдықадыр Тоқторов (1916–2006) үркүндүн таасирринен кийин Ташкентке барып билим ал-

ган. И. Арабайевдин алиппе тамгасын Жуңго қыргыздарына таратып 26 арыпты 30 га көбөйтүп қыргыздар сабатсыздықты жооюсуна зор салым қошқон.

Анвар Байтур (1938–1991) Түрк элдерине белгилүү тарыхчы. Ақсуу аймагынын тургуну. Балким үркүндүн элинин урпагынан болушу мүмкүн, өмүр таржымалында үркүн элинин байланышы боюнча эчқандай дарек берилген емес.

Ысақбек Мононов (1902–1949) Жуңго азаттық армыясы Шинжаң үч аймақ улуттар көңтөрүшчүл армыясынын Генералы болгон. Шинжаң үч аймақ чөлкөмүнүн амандыгын көп жыл қоргоп келген даңазалуу аскер башчысы.

Амантур Байзақ (1919–1981) атақтуу ақын жана қоомдуқ ишмер болгон. Көркөм текестин эски жараны болсода, чегарасыз байланган жашоо ата текти аргандай жаңыртууга мүмкүндүк жаратқан.

Шаргебек Сыдық (1925–2005) жалпыга белгилүү сиясиюн. Жуңго "Манас" эпосуна бир топ жыл жетекчилик қылган таанымал ардагер. Қойчудан өсүп жетилип Шинжаң өлкөлүк улуттуқ генералдардын қатарынан орун алган даңазалуу инсан. Үркүн же Үркүндөн мурун келген элидин урпагынан. Үркүндүн тарыхый қатмарын эң толуқ түшүнгөн.

***Адабияттар:***


1. Токтобүбү Ысак Адыл Жуматурду "Залкар манасчы Жүсүп Мамай" Бейжын шаары, улуттар басмасы, 2007 жыл.
2. Жүсүп Мамай "Мен манасты кандай айтып калдым"."Манас" эпосу боюнча илимий макалалар жыйнагы (1) Шинжаң эл басмасы.1991-жыл 38 бет. Үрүмчү шаары.